# Марстан келген белек



Автор: Дейя Касымова

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Аруке Исакова

# Марстан келген белек

Автор: Дейя Касымова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Аруукe Исакова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Марстан келегн белек» (кыргыз тилинде), автор Дейя Касымова, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Арууке Исакова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Менин жакшы көргөн оюнчугум бар – ал учуучу тарелка. Мен аны сегиз жашка чыкканда туулган күнүмдө ата-энемден белекке алгам. Тарелка күмүш түстүү, өчүп-жанып турган лампочкалары бар, кнопкасы бар каалгалуу. Тарелканы башкаруу пультунун кнопкасы менен башкарууга болот.

Туулган күнүмдө мен сегиз шамды үйлөп, тортту жеп бүткөн соң, биз досторум менен короого чыкканбыз. Мен учуучу тарелкамды ала чыккам. Чогулуп отуруп, анын кантип учарын күтүп карап турдук.

– Асман, учур! – деп балдар шаштырышты.

Мен аны жерге койдум да, кнопканы бастым. Тарелка от алып, лампочкалары өчүп-жанып, анан жай өйдө көтөрүлдү. Короонун ичине буу тарады. Баары таң калышып кыйкырып жиберишти, баарыбыз өйдө карап, тарелканын артынан чуркадык.



Тарелка жерге газонго барып конуп, гүрүлдөгөнү токтогондо да, каалгасынын лампочкалары өчүп-жанып турганын көрдүк. Мен аны ачтым эле, ичинен кат таап алдым. Анда «Асман, туулган күнүң менен! Марсиандар» деген жазуу бар экен.

– Мына сага! Марсиандар биз менен байланышка чыккан экен да! – деп Чыңгыз таң кала карады.

– Асман, сен эми аларга кат жаз, – деп кеңеш берди Таня.






Мен үйдөн калем, кагаз алып чыктым да, мындай деп жаздым: «Куттуктаганыңар үчүн чоң рахмат! Келгиле, дос бололу! Асман».

Катты тарелканын ичине салдым да, каалгасын жаап, кнопканы бастым.

Тарелкадан кайрадан күрүлдөп добуш чыгып, учуп жөнөдү. Дарактардын үстү менен учуп баратып, бир дарактын бутагына илинип, туруп калды. Биз тарелкага топ, батинке жана куурчактарды ыргыттык. Баары талаага кетти. Тарелка күрүлдөп үн чыгарып, бактын башында тура берди.





Мен атамды жардамга чакырдым. Ал короого чыкты да, даракты катуу силктти эле, тарелка жерге учуп түштү. Каалгасы баягыдай болуп, өчүп-күйүп турду.

– Карагылачы, каалгасы дагы да күйүп турат! – деп Дания кыйкырып жиберди.

– Демек, Марсиандар кайрадан бир нерсе жиберди болуш керек! – деди сүйүнүп Тимур.

– Келгиле, тезинен карайлы, алар эмне жиберди экен! – дедим мен да кызыгып.



Мен каалгасын ачтым да, ичин карадым. Анда кичинекей нокоттой болгон дан бар экен. А биздин жазган кат жок болуп чыкты.

– Дан го? Бул – эмненин белгиси? – деп таң калдым, аны тарелкадан алып чыгып.

– Балким, бул табышмактуу дан? Аны жесең, мүмкүн көзгө көрүнбөс болуп каласың, – деп оюн айтты Арина.

– Же, балким, Халк сыяктуу дөө болуп каласың… – деди Нурбек.


Мен данды алдым да, ата-энеме көрсөтүү үчүн жөнөдүм.

– Апа, ата, карагылачы, Марсиандар мага эмне жибергенин! – дедим мен.

– Дан экен го, андан эмне өсүп чыгар экен? – данды көңүл коё карап, атам ушундай деди.

– Кел, анда, муну идишке отургузалы, анан көрөбүз, эмне өсүп чыгар экен? – деп сунуштады апам.

Апамдын ою мага абдан жакты, данды жеп коюуну каалабадым. Биз аны гүл өстүргөн идишке салып, топурак менен көөмп койдук.





Эртеси дандан эмне өсүп чыкты болду экен – деп эрте ойгондум. Столдун үстүндө турган идишке келип карадым, бою калемдин боюндай болгон гүлдүн сабагын көрдүм. Анда сегиз түрлүү гүл өсүп туруптур. Алар: кызыл, көк, сары, ак, гүлгүн, күрөң, сирен түстүү жана көгүлтүр түстүү гүлдө экен. А гүлдүн бариктери ромб формасында экен. Эртеден кечке чейин биз Марсиандардын гүлдөрү менен алектендик.

– Мындай гүлдүн ысымы болуш керек, – деди атам.


– Мен буга «Марсик»  деп ат коём, анткени ал Марстан келди да, – деп мен чечтим.



Түндө, мен уктоого жатканда, бир керемет нерсе болду! Бөлмөнүн жарыгын өчүргөндө, баягы гүл түркүн түстүү жарык чыгарып, түнкү шам сыяктуу жарык чыгара баштады.

Ал күн желеси сымал ар түркүн жарык чыгарды да, бөлмөнү жарыктандырып жиберди. Мен бөлмөнүн дубалына, эмеректерге,  үйдүн жыбына, анан столго чачыраган күн желеси сымал түркүн түстү узакка карап турдум. Эми мен бул түркүн түстүү күн желесин күндө уктаарда карап отурам да, уктаганда түстүү түштөрдү көрөм…

Бир күнү биз жашаган аймакта техникалык авария болду да, жарыкты өчүрүп коюшту. Марсик биздин үйдүн шамы болуп калды. Мен аны залга алып келип койдум эле, жарык жана жайлуу болуп калды. Биз Марсиандар ушундай кереметтүү жана керектүү белек жибергени үчүн абдан чоң ыраазычылык билдирдик.



Марсик мени менен бирге өсүп келатат. Азыр анын бою менин боюм менен бирдей, полдо чоң идиште өсүп турат. Ар жылы менин туулган күнүмдө Марсиктин улам жаңы гүлү пайда болуп турат. Өткөн жылы тогузунчу роза гүлү, а бул жылы – бирюз түстүү онунчу гүл өсүп чыкты. Эмки жылы кандай гүл ачылар экен?



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Дейя Касымова
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Аруук е Исакова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли